*УДК: 7.091\097 (575.2)(04)*

*Токоева Ж.Т. /КЫРГЫЗСТАН/*
*Tokoeva Zh.T. /KYRGYZSTAN/*

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ДООРУНДАГЫ ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН КЭЭ БИР ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# НЕКОТОРЫЕ ОСОБЕННОСТИ АКЫНОВ-ИМПРОВИЗАТОРОВ В ЭПОХУ НЕЗАВИСИМОСТИ

# SOME PECULIARITIES OF IMPROVISER AKYNS IN THE ERA OF INDEPENDENCE

**Аннотация.** Бул макалада автор Кыргыз республикасынын эл артисти, төкмө акын жана обончу Элмирбек Иманалиевдин чыгармачылыгын анализдөөгө аракет жазалды. Изилдөөдө тарыхий-салыштырмалуу жана салыштырмалуу-типологиялык методдор колдонулуп, төкмө акын Элмирбек Иманалиевдин төкмөлүк өнөрү ар тараптан изилденип, мурунку доордогу төкмө акындардын айтыштарына салыштырмалуу эгемендүүлүк доорундагы Элмирбектин айтыштарынын кээ бир окшоштуктары, өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары аныкталды. Садык Шер-Нияздын "Айтыш" коомунда өзү түзгөн "устат-шакирт" мектебинин ишмердүүлүгү анализге алынып, Элмирбек Иманалиевдин кыргыз салтуу музыкага кошкон салымы жана орду көрсөтүлдү , ошондой эле анын обончулук өнөрү да изилдөөгө алынып, обондорунун өзгөчөлүгүн, оригиналдуулугун жана кайталангыздыгын аныктоого аракет жазалды .

**Негизги сөздөр:** салтуу музыка, төкмөчүлүк өнөр, төкмө акын, айтыштар, айтыш түрлөрү, окшоштуктар, айырмачылыктар, "устат-шакирт" мектеби, обон, обончулук.

**Аннотация.** В данной статье автор предпринял попытку всестороннего анализа творчества известного токмо акына, мелодиста и народного артиста Кыргызской республики Эмирбека Иманалиева. Используя сравнительно-исторический и сравнительно-типологические методы исследования, автор, сопоставляя айтыши Элмирбека Иманалиева с айтышами токмо акынов конца 19 века и с айтышами советского периода, сделал попытку выявления сходств и различий , оригинальностей айтышев Э.Иманалиева в эпоху независимости и до сегодняшних дней, выявлены его вклад и место в общей системе кыргызской традиционной музыки. Кроме этого автор остановился и на деятельности его школы "устат-шакирт", основанная Э.Иманалиевым при общественном фонде "Айтыш" Садыка Шер-Нияза, а также автором проанализированы его мелодии, показаны их оригинальность,своеобразия, особенности .

**Ключевые слова:** традиционная музыка, искусство импровизации, акыны-импровизаторы, айтыши, виды айтышей, сходства и различия, школа "устат-шакирт", мелодия, песнетворчество.

**Abstract.** In this article, the author attempted a comprehensive analysis of the work of the famous Tokmo akyn, melodist and People's Artist of the Kyrgyz Republic Emirbek Imanaliev. Using comparative-historical and comparative-typological research methods, the author, comparing the aytyshes of Elmirbek Imanaliev with the aytyshes of Tokmo akyns of the late 19th century and with the aytyshes of the Soviet period, tried to identify the similarities and differences, the originality of the aytyshes of E. Imanaliev in the era independence and up to the present day, his contribution and place in the general system of Kyrgyz traditional music are revealed. In addition, the author also dwelled on the activities of his school «ustat-shakirt», founded by E. Imanaliev at the public fund «Aitysh» of Sadyk Sher-Niyaz, and the author also analyzed his melodies, showing their originality, peculiarities, features.

**Key words:** traditional music, art of improvisation, akyns-improvisers, aytyshes, types of aytyshes, similarities and differences, "ustat-shakirt" school, melody, song-making.

Акындар чыгармачылыгында төкмө акындар импровизацияга зор көңүл бурушкан, алар өзүлөрүнүн ырларын окууга эмес, тескерисиче угуш үчүн жаратышкан. Бирок импровизациянын ийгилиги ырды чыгаруу менен чектелбейт. Ыр көпчүлүк

угуучулар үчүн аткарылгандыктан, акын өзүнүн угуучуларын поэзиянын күчү менен өзүнө тартыш керек. Ал үчүн акын чыгармасын обонго келтирип, комуз чертүү, кыяк тартуу, жандоо, интонация, мимика, ымдоо өңдүү аракеттерди жазап, түрдүү көркөм ыкмаларды колдонот. Алдын ала даярдык көрбөй туруп, тиги же бул турмуш жагдайын же кубулуш жөнүндө ошол замат ыр саптарын жаратуу менен угуучуларга жеткирүү жеңил иш эмес экендигин түшүнүү зарыл. Төкмө-акындар чыгармачылыкта ийгиликке жетиш үчүн эмоциялык күч менен, ар кандай төкмөлүк ык менен ырды жаратуу , ыр саптарын бир бири менен куюлуштуруп байланыштыруудагы сөз тапкычтыгы, аткаруудагы чеберчилиги татаал процесс экендигин билүү керек.

Ар бир төкмө-акындын өзүнө таандык стили, чөйрөгө карата көз карашы, дүйнөнү таанууда өзгөчөлүгү, ошондой эле өздүк манерасы, чыгармачылык жүзү болот. Орус окумуштуусу М.Харлаптын айтуусу боюнча “ поэзияда негизинен үч элемент болуу керек: образдуулук, эмоция жана музыка. Поэзиянын чыгышы музыка менен тыкыз байланышканын жана акындар узак тарыхий мезгилдердин аралыгында ырчылырдан болушкан, ошонун негизинде традиция боюнча ырчы деп атап калышканын биз билебиз” [5, стр.12].

М.Харлаптын бул оюу жазгыч акындарга таандык болсо да, азыркы учурда төкмө-акындарга да тийешелүү, себеби булардын да чыгармачылыгы дайыма музыка менен байланышып, обон аркылуу комуздун коштоосу менен аткарылып келген, ошондуктан төкмө-акындарды эл “ырчы” деп атап келиши кокусунан эмес. “Акындардын чыгармачылыгы бүткүл элдик ыр маданияты менен эң тыгыс түрдө байланышкан, ага зор таасир эткен, бирок экинчи тараптан ал ушул маданияттын негизинде өнүктү, акындар элдеги белгилүү обондорго (күүлөргө) дайыма кайрылат жана аларды өнүктүрөт. Бирок акындар өздөрүн көбүнчө поэзияда корсөтүп, музыканы экинчи планга калтырышат”, - деп жазат белгилүү орус музыка таануучу В.Виноградов. 4\. Чындыгында эле акындар комуздун коштоосунда ырларын жана төкмө саптарын аткарышкан. Алардын бүткүл чыгармачылыгы комуздун коштоосуна шартталган десек жаңылышпайбыз.

Төкмө ырчы ырды куюлуштуруп, таасирдүү сөздөрдү таап айтып, улам барган сайын такшалып, поэзиянын кең дүйнөсүндө элди өзүнө тартышкан. Ошон үчүн алардын аткаруу манерасы, ырдоо процесси да салтуу музыканын нугунда уюшулган, бирок ар бир акындын дүйнөгө көз карашы, турмушту баамдай билиши жана ырдоо ыкмасы да өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Төкмө акындардын ырлары мазмуну жагынан элге түшүнүктүү, түзүлүшү жагынан жөнөкөй болгон. Төкмөлөр жеке чыгармачылыгын өнүктүрүү максатында белгилүү чоң акындарга окуучу болуп жүрүп (устат-шакирт мектеби), анын чыгармаларын үйрөнүү менен катар төкмөлүк үлгү алышат. Төкмө акындардын өнөрүн көрүп, жакшы жактарынан үлгү алып, чеберчилигин өстүрүүгө аракет кылышкан. Качан өзүнчө ырдоого күчү жеткен соң, алар кээ бир жыйындарда, аш менен тойлордо ырдай башташат. Кээде айрым акындар менен айтышып, төкмөлүккө өзүнүн жөндөмүн өнүктүрүшкөн. Айтыштарда катышкан акындардын тапкычтыгы, ырчылык өнөрү, устаттыгы сыналган. Бул өнөрдү үйрөнүш үчүн кыргыздарда жана казактарда “устат-шакирт” мектептери кеңири жайылган. Окумуштуу Ж. Таштемиров айткандай “ак таңдай акындар шакирттерине ар түрдүү өнөрлөрүн үйрөтүп, таалим жана тарбия берип, алардын чыгармачылыгын, чеберчилигин өстүрүшкөн. Мисалы, улуу акын Токтогул өзүнүн акындык жа-на комузчулук мектебинен көптөгөн шакирттерди тарбиялап чыгарган. Тоголок Молдо, Калык, Барпы, Алымкул, Коргоол оңдүү белгилүү акындар, Атай, Кулмырза баштаган көптөгөн комузчулар Токтогулдан таалим-тарбия алышкан” [ 3].

Төкмөлүк өнөр кыргыз элинде эң бир кеңири таркаган өнөрлөрдүн бири болгон. Ар бир доордун өзүнүн белгилүү төкмө акындары жашап өткөн. Төкмөлүк өнөр КР эгемендүүлүк доорунда да зор өнүгүүгө дуушар болгон. Совет доорунан бери төкмөлүк өнөрдү аркалаган улуу муундагы төкмөлөр Т. Тыныбеков, Э. Турсуналиев, А.Айталиев, Т. Абдиевдер жаш таланттарга жол көрсөтүп, өнөрлөрүн өнүктүрүүгө чоң камкордук көрүп турушкан.

Эгемендүүлүк доордун эң бир көрүнүктүү төкмө-акыны – бул КР эл артисти Э. Иманалиев. Элмирбектин устаты КР эл артисти Т. Абдиев болгон. Аны Тууганбай атабыз айылдык мектептин 7-классын бүтүрөр замат, Улуттук филармониянын алдындагы эки жылдык студияга киргизген, кийин Б.Бейшеналиева атындагы маданият жана искусство университетинин фольклордук ырдоо факультетин аяктаган. Тубаса таланттынын жана устаттарынын жардамы менен Элмирбек 15 жашында эле 1993-жылы Бишкек шаарында өткөн "Актаңдай" республикалык акындар айтышында баш байгеге ээ болгон. Ошондой эле баш байгени 2000-жылы Жалал-Абад шаарында өткөн "Курманбек – 500" фестивалында, 2001-жылы А.Огонбаевдин 100-жылдык маарексине арналган "Талас таңшыйт" эл аралык фестивалда, 2002-жылы Бишкек шаарында өткөн "Айтыш-2002" эл аралык айтышта, 2014-жылы улуу акын Т.Сатылгановдун 150-жылдык маарекесинде Эл аралык айтыш сынагында алганы бизге маалым.

Жаш кезинен айтыштарга катышып, Элмирбек өзүнүн төкмөлүк өнөрүн бийик деңгээлге көтөрүүгө жетишкен. Ал кыргыз эле төкмөлөрү менен күч сынашпастан, коңшу Казакстандан келген төкмө-ырчылар менен да беттешкен. Атап айтсак, 2000-жылы Бишкек шаарында өткөн "Жеңижок 140" Эл аралык акындар айтышында Элмирбек казак акыны Айтакын менен айтышкан. Бул айтышта казак акыны Айтакын, чапанын желбегей жамынып, айтышта астына киши салбоочудай көрүнүп, домбрасын эргип чертип, эки ийинин кыймылдатып, добрасынын күүсү күчөгөн сайын добушу да бийиктеп, каршылаш акынын качыра ырдаганын байкаган Элмирбек сөз кезеги келгенде мындай деп ырдаган экен:

Кайнап аткан бозодой,
Отургучту булкунтуп
Трактайсың Айтакун.
Ай ааламдын бүт сырын
Билип жүргөн кишидей,
Токтобойсуң силкилдеп,
Токсон шайтан мойнуга
Минип жүргөн кишидей.

Бул саптарда биз Эмирбектин көркөм сөз ыкмаларын туура пайдаланып, каршылашынын сатиралык портретин таасын сүрөттөп бергенинин байкасак болот. Саптар бүтүндөй аллитерация ыкмасында түзүлгөн ("шарактайсың", "тарактайсың", "даракгайсың", шалактайсың, токтобойсуң,), ошондой эле тамашалуу салыштырмалар ("кайнап аткан бозодой","күздөгү жалбырагы түшкөн дарактай", "ааламдын сырын билген кишидей", "мойнуна минген шайтандай") көп колдонгон. Бул айтышта Элмирбек бир нече жолу каршылашын сөзгө жыгып, аягында Айтакын ак сөзгө баш ийип, Элмирбек баш байгеге ээ болгон.

Элдин калың катмарына Элмирбек 2014-жылы Бишкекте Т.Сатылгановдун 150 жылдыгына арналган 1X Эл аралык айтышта өзүнүн бийик талантын, оюнунун тереңдигин, сөзгө чебердигин, тапкычтыгын көрсөтүп, айтыштын ар бир этабында сөздү так, таамай айта билүүсү менен, эч бир такалбастан өнөктөшүнүн өюна куйкум сөздөрдү, курч мүнөздөмөлөрдү, юмордук салыштырмаларды туура колдонуусу менен айырмаланат. Бул айтышка коңшу Казакстан республикасынан да төкмөлөр келип катышкан. Элмирбек казак төкмө-акындар Айбек Калиев жана Балгынбек Имаш менен беттешкен. Абдан курч мүнөздө Элмирбек казак акыны Айбек Калиев менен айтышкан. Бул айтышта эки төкмөлөр Т.Сатылганов жана казак элинин ынтымагын сүрөттөп келип, азыркы мамлекеттердеги көйгөйлөр туралуу сөз кылышкан. Ошол айтышта Э.Иманалиев эч бир коркпостон, тартынбастан, так, ачык биздин мамлекеттик чиновниктерди чоң сынга алган. Ал минтип ырдаган:

Меникиндей ач карын,
Сенде деле жок эмес,
Меникиндей көп көйгөй,
Сенде деле жок эмес.
Акыйкат айтсаң чоңдорго,
Ар дайым эле жакчу эмес.

Бул айтышында Элмирбек улуу акын-демократ Токтогулдун "Беш каманындай" эгемендүүлүктөн кийин Кыргызстанда "беш эле каман" эмес:

Пейли жаман бул кезде,
Беш короо каман жүрбөйбү.
Алар,
Жонуп, жонуп жолду жейт.
Жонуңдан сыйрып тонду жейт,

Сыйрып сыйрып сырды жейт.
Аларды эгер айтпасам,
Калкым,
Чийгиле мени катардан.

Ошондо Айбек Калиев өнөктөшүнүн эрдигин мындайча сыпаттаган:

Биз качан эл үмүтүн өтемедик,
Жырымыз акыйкатка өте берет,
Айтыш сайын шындыкты айтып салып,
Экөөбүз де бийликти тепеледик.
Токтогулдун заманы болсо эгер,
Экөөмиз каторгага кетер эдик.

Бул айтышта эки акын улуу акын-демократ Т.Сатылгановдун жолун жолдоп, өз өлкөлөрүндө эгемендүүлүктөн кийин өрчүп бараткан жемкорлукту (коррупцияны) мамлекеттин баардык структурасына жетип, аларды спруттардай чырмап алганын ачык, айкын ар кандай гипербола ыкмалары менен көрсөткөндүгү абдан күчтүү жана таасирлүү болгон. Азыркы коррупцияга баткан чиновниктерди Элмирбек "беш каман" эмес, "бир короо каман" деген метафора менен сыпаттайт. Алар эгер Токтогулдун "камандары" элдин канын сорсо, Элмирбектин "камандары" "жонуп, жонуп жолду жейт", "сыйрып, сыйрып сырды жейт", "жонуңан сыйрып тонду жейт" –деп сүрөттөгөн. Бул саптар бүтүндөй аллитерация ыкмасы менен түзүлгөн, ошондой эле кээ бир сөздөргө өзгөчө көңүл бурулуп, көтөрүнкү басым коюлушу менен айтылат да, алардын көркөмдүк таасири өтө күчтүү болгон. Бул сөздөр: "Алар" – коррупционерлер жана " Калкым" – эл, журт, Мекеним. Бул эки сөз атайлап саптын башына келтирилген, себеби алардын түшүндүрмөсү кийнки саптарда берилген. Элмирбектин акыркы саптарында биз анын чыныгы элдин, азыркы замандын "Токтогулу" экенинин баамдасак болот.

Бул айтыш фестивалынын финалында Элмирбек белгилуу казак төкмо-акыны Балгынбек Имаш менен айтышкан. Кийинчэрээк эки акын Э.Иманалиев көз жумганча кыйышпас достордон болгону бизге маалым. Айтыш салтуу алым сабак айтыштын нугунда өткөн, эки акындар тең бир-бирин келекелебей, кордобой, тескерисинче ынтымакта, ырашкерликте айтышканын баамдасак болот. Эмирбек өзүнүн өнөктөшүнүн чоң чеберчилигин, талантын сыйлап,минтип ырдаган:

Мен тоо болсом, Сен-таала.
Мен табакмын, Сен – чара.
Мен ат болсом, Сен-чана.

Бул саптарда Элмирбек көркөм салыштырмаларды колдонуп, өнөктөшүнүн талантын, чеберчилигин, ички кенен дүйнөсүн сыйлай турганын билдирген. Ошондой эле эгемендүүлүктөн кийнки казак-кыргыз мамилесин да козгоп, улуу акын Токтогулду сүргүндөн качып келе жатканда казактар устунө жылуу чапан, астына ат мингизип узатканын эскерип, азыркы казактардан кыргыз боордошторуна жазаган мамилесин мындайча сындаган:

Азыркы учур болгондо,
Курдайдан кармап кайра артка айдамак.
Кустанайдан кармаса,
Кууратып, курутуп кайра артка айдамак.
Семейден кармашса,
Сел кылып жашын агызмак.
Калың жоону чапкансып,
Каткырып турмак уралап.

Бул саптарда да гипербола көркөм ыкмасын таамай колдонуп, саптар аллитерация ыкмасы менен түзүлгөнүн байкасак болот (Курдайдан, Кустанайдан, Семейден, айдамак, агызмак,), ошондой эле тавтологиялык рефрендерди (кайра артка айдамак – 2 жолу, кармап, кармаса, кармашса – 2 жолу) ситуацияны курчутуу максатында колдонгонун туябыз. Азыркы кыргыз-казак мамилелерин оңдоо максатында айтылгандыгын сезебиз, себеби боордош казак элдерин ынтымакка чакыруу максатын көздөгөнүн, аларды кичине уяткаруу керектигинен келип чыккан саптар экени даана көрүнүп турат. 2016-жылы Э.Иманалиевге кыргыз маданиятына жана салттуу музыкасына кошкон салымы үчүн КР эл артисти наамы ыйгарылган.

КР эл артисти Э.Иманалиев өз чыгармачылыгын эле өнүктөрбөстөн, жаш акындарды тарбиялоо максатында "Айтыш" коомдук фондунун алдында "Төкмө келсе төр бошот" аттуу "устат-шакирт" мектебин 2014-жылыуюштурган.

Бул мектепте Э.Иманалиев Кыргызстандын баардык булуң-бурчтарынан төкмөлүккө шыгы бар акын балдарды жыйнап, аларга ар күн сайын төкмөлүк өнөрдөн сабак берип, өнөрдүн баардык өзгөчөлүктөрүн, закон ченемдүүлүктөрүн, сырларын үйрө-

түүгө зор көңүл бурган. Анын алгачкы устаттары болуп бүгүнкү күндө кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал төкмө акындар Б.Назаров, А.Болгунбаев, Б.Акматов, А.Маратов, И.Айдаркулова жана Кытайдан келген жаш акын Акматбек Султан уулу жана башкалар болгон. Шакирттерин жакшылып таптоо максатында Э.Иманалиев Улуттук Кыргыз телевидениесинин алдында "Төкмө келсе төр бошот" аттуу телекөрсөтүүнү уюштуруп, "Маданият, тил, тарых" каналы аркылуу эки жумада бир көрсөтүп турган. Бул телекөрсөтүүдө Э. Иманалиевдин устаттары бири–бири менен айтышып, өнөрдүн не бир сырларын үйрөнүп, эл алдында апкарыбай туура айтышуу жолдорун өздөштүрүшкөн. Айтыштар обондуу ырлар, дастандар, термелер менен коштолуп, көрөрмандардын кызыгуусун арттырып, алардын жүрөктөрүнөн түнөк тапкан, ошол себептуу бул телекөрсөтүүлөрдү эл чыдамсыздык менен күтүшкөн жана алардын эң сүймөнчүктүү передачасына айланган. Бүгүнкү күндө Э.Иманалиевдин устатары көптөгөн айтыш сынактарынын жеңүүчүсү болууда. Атап айтсак, 2019-жылы төкмө акын А.Усөнбаевдин 125 жылдыгына жана мамлекеттик тил мыйзамынын 30 жылдыгына арналган X111 эл аралык "Айтыш-2019" сынагында 1 орунду А.Маратов, 2 орунду А.Болгунбаев, баш байгени Ж.Жумакадыр ээлешкен. К.Акиевдин 140 жылдыгына арналган республикалык айтыш сынагында А. Маратов баш байгеге, Акматбек Султан уулу 1 орунду алышкан. 2021-жылы КР эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына, төкмө акын Жеңижоктун 160 жылдыгына жана казак акыны Ж.Жабаевдин 175 жылдыгына арналган эл аралык "Айтыш-2021" сынагында баш байгени А.Маратов жана 1-орунду Акматбек Султан уулу ээлешкен. 2022 –жылы Ош шаарында өткөн XY эл аралык айтышта 1 орунду Баян Акматов, баш байгени Ж.Жумакадыр жеңип алышкан. 2023- жылы КР президенти С.Жапаровдун колдоосунда Улуттук "Манас" театры жана УТРК уюштурган "Айтыш төр" теледолбоорунун баш байгесинин ээси Акматбек Султан уулу болгон, ал эми ошол эле жылы болгон КР 32 жылдыгына арналган эл аралык айтыш сынагында 1 орун төкмө акын И.Айдаркулова жана баш байге төкмө акын А.Болгонбаевге тапшырылган.

Көптөгөн изилдөөчүлөр бүгүнкү күндө акындык чыгармачылыктын өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу анализге алууда, бирок ошого карабастан кээ бир маселелер али да иликтене элек. Атап айсак акындык поэзиядагы обон маселери, алардын акындык чыгармачылыктагы орду, акындык стилди аныктоодогу аткарган кызматы жана башкалар. Акындык чыгармачылыкта таланттуу инсандар бир эле учурда акын, комузчу, обончу жана аткаруучу болушкан. Алардын чыгармачылыгы музыка менен тыкыз байланышкан, себеби көпчүлүк акындар ырга ынак, музыка жандуу адамдар болгон. Алар өз ыр саптарына обон жаратып, аларды эл алдында комуздун коштоосу менен аткарышкан.

Жогоруда айткандай таланттуу кыргыз инсандары бир эле учурда акын, комузчу, обончу жана аткаруучу болушкан. Кыргыздын акындары ырды чыгаруу менен ага өзүнүн обонун кошуп, көпчүлүгүндө комуздун коштоосу менен ырдышы байыркы салттын сакталып калган үлгүсү десек болот. Алар өз ырларына обон жазып эл алдында аткарышкан. Буга мисал болуп, улуу Токогулдун "Өмүр","Гүлдөп ал", Алымкан" , Боогачынын "Үкөй", Жеңи-Жоктун "Аккан суу", Калыктын " Жаштар ай", Мусанын "Даанышман", "Кыздар ай", "Сагынам" обондуу ырларын атасак болот. Бул обондуу ырлар акындардын стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоочу негизги катергория болуп эсептелинет, себеби обон стилдик өзгөчөлүккө жараша ар түрдүү болот. Маданият таануучу К. Дюшалиевдин оюу боюнча " эгер ыр тексти лирикалык мүнөздө жазылса, анын обону да салтуу "секетбай" же "күйгөн" турунө жараша шайыр же муңдүү обон болушу мүмкүн. Эгер ыр тексти граждандык, турмуштук же социалдык-философиялык стилде жазылса, обону да ошого жараша өзгөрөт" [1].

КР эл артисти, төкмө акын Э.Иманалиев да чыгармачылында көптөгөн обондуу ырларды жараткан. Жалпысынан айтсак анын обондуу ырларынын саны 100 ашуун, алар көбүн эсе Боогачынын "күйгөн" жана "секетбай" сүйүү ырларына абдан жакын болгон. Бул өнүттө ал "Мунарым","Булбулум",

"Жалгыздыкта коштошуу", "Аруузатым" жана башкаларды элдик "күйгөндүн" жана "секетбайдын" үлгүсүндө чыгарган. Бул стилдеги ырларда автор ашыктыктын ар кандай армандуу күндөрүн баяндап, ойлуу журуштө, муңдуу обондо аткарган. Аларда көбүнчө эңсөө, өксүү, муңкануу өңдүү ыргактар басымдуулук кылат. Ырчы аваздык аткаруучулуктун түркүн ыкмаларын, түрдүү созулмаларды, көркөм боекторду кеңири пайдаланган.

Угуучулардын жүрөгүнөн түнөк тапкан, сезимдерин не бир ойлорго салган ырларынын бири – бул "Булбулум". Ыр башында жай жүрүштө шашпай башталат, бара-бара өрчүп, ырдын ортосунан баштап сезимдер мунга айланып, саптын аягы муңкануу өңдүү ыргактарга толуп, "ээ-ээ-ээ, оо-оо-ой, аа-аа-ай" созулмалар менен коштолуп, не бир кереметтүү обон жаралган. Ыр баштан аяк армандуу сүйүү менен коштошкондой сезилет.

Бул ырдан да бир сап келтире кетелик:

Ар кечте, ар таңда боздоп сайрап,
Армандуу сезимди козгоп сайрап,
Бир булбул буулугуп келет күндө,
Биз жүрчү алма бакты болжоп сайрап.
Ал бакта адашып күүгүм калган,
Ар шакта алмадай сүйүүм калган,
Ал сүйүүм булбулга айланганбы?
Ашыгын издеген (ээй) үрүл таңдан.

Кайырмасы:

Булбулум, булбулум аа-ай,
Буулуккан кургурум ай,
Бул кечте үнүн баспай ай,
Буулуктуң неге мынча,
Булбулум,булбулум ай.

Ырдагы созулмалар (ээ-ээ-ээ, өө-өө-өй, аа-аа-ай) бир эле учурда өкүүнүнү, мунданууну өткөрө күчөткөндүгүн байкаса болот. Ошондуктан обон өтө эле элестүү, жүрөктү эзген, көзгө жаш тегереткен , ички сезимдерди козгогон муңдуу ыр болуп чыккан. Бул ыр ушунчалык популярдуу болуп, көптөгөн эстрада ырчылардын репертуарынын орун алган.

Жогорку обондуу ырга үндөш Э.Иманалиев "Жалгыздыкта коштошуу" ырын чыгарган. Бул ыр дагы "күйгөн" стилинде жаралган. Ыр жай жүрүштө башталып, каармандын сүйүүсү менен коштошуусун баяндайт. Ал өзүн кароосуз калган кайыкка салыштырып, сүйгөн селкисин берметтин жарыгы катары сыпаттап, түбөлүккө ажырыгынын муңкануу менен төмөнкү регистрде билгизип жатканын сезүүгө болот. Ырдын кайырмасы да ички сезимди мурдагыдан да трагедиялуу ыргакта өнүктүрөт, ал үчүн автор кээ бир сөздөрдүн экиден, төрттөн кайталоо аркылуу көрсөтө алды (карап, карап, куттум – 4 жолу, бүттүм – 4 жолу).

Ырдан бир сап келтире кетелик:

Жарыгы белең берметтин?
Жабыркап көңүл дегдеттиң.
Кароосуз калган кайыктай,
Кайыр кош жаным мен кеттим, мен кеттим.

Кайырмасы:

Карап , карап (ай),
Кайрадан сени самап,
Куттум, куттум,куттум, куттум.
Жалжалым жалгыздыктан жадап бүттүм
Бүттүм, бүттүм, бүттүм, бүттүм.

Бул ырды да азыркы күндө көптөгөн эстрада жылдыздары аткарып келишет, өзгөчө музыка сүйүүчүлөрдүн купулуна толо, ажайып өзгөчө тембр менен КР эмгек сиңирген артисти Т.Черикчиева аткарып келүүдө.

Э.Иманалиевдин угуучулардын жүрөгүнөн түнөк тапкан, бүгүнкү күнү эң популярдуу ырга айланган ыры – бул "Аруузатым".

Бул ыр жогорку ырлардан айырмаланып "секетбай" стилинде жазылган. Автор өз сүйгөнүн "аруузатым, ай чырагым, аппагым, асманым" деген салыштырмалар менен сыпаттайт. Селкинин сүйүүсү адамдын ички руханий дүйнөсүн тазалөөго жардам берип, күңүлүн нурга толтурарын билгизет, ошондуктан ал жаштыгы өткүчө ыр болуп төгүлөрүнө ишенет. Автор махабаттан кымбат да, улук да, армандуу эч нерсе жоктугун баса көрсөтүп, өз сүйгөнүн "карындашым, кагылайын" – деп сыпаттап бир эле жолугушуусун суранат.

Бул ырды укканда ар дайым жаш, ар дайым асыл, ар дайым аруу, таза сүйүнүн кадырын, баркын түшүнөсүң. Ага болгон мамилең, урматың, таазим этүүң артат. Ыр жай жүрүштө бирдей тембрде ырдалып, саптын акыркы сөздөрү эң назик созулат: ап-па-гым_____, баш-та-дым_____, ка-ты-лып ____, ас-ма-ны –ым______.

Ырдан бир сап угуп көрөлүк:
Аруузатым, ай чырагым, аппагым,
Сени көрүп мен тазара баштадым.
Карегиңде жүргөн экен катылып,
Ай, качаңкы бир мен жоготкон асманым.
Кайырмасы:
Карайлаган көңүлүмө нур толуп,
Кайра баштан төгүлөйүн ыр болуп.
Кайран жаштык өткөнчө,
Кайрылбастан кеткенче,
Карындашым, кагылайын,
Кагылайын мага бир жолук.

Бүгүнкү күндө бул ырды маданияттын мыкты кызматкери, ырчы Аскат Мусабеков ырдын ажарын ачып, өзүнө гана таандык болгон ажайып сулуу тембри менен аткарып, угуучулардын жана көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн эбак эле түнөк тапкан.

Э.Иманалиев 2020- жылы бар болгону 42 жаш курагында дүйнө салган. Бирок артында анын жолун жолдой турган устаттары, обондуу ырлары, термелери жана айтыштары калды. Көпчүлүк окумуштуулар аны азыркы замандын “Токтогулу” деген баа беришүүдө. Бул баада калет жок. Э.Иманалиев ар бир кыргыздын жүрөгүндө сактала берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Дюшалиев К.Ш. О кыргызской народной музыке. –Фр: Кыргызстан, 1989, 107с.
2. Виноградов В. Кыргызская народная музыка. –Фр: Киргизиздат, 1958, -334.
3. Таштемиров Ж. Төкмө акындардын чыгармачылыгы. –Фр. 1989.
4. Дюшалиев К.Ш., Лузанова Е. Кыргызское музыкальное творчество. Бишкек: фонд “Сорос-Кыргызстан”. 1999, -342
5. Харлап М. О стихе. М: Лань. 2000, -112.